**УДК: 373.31**

# КЕНЖЕ МЕКТЕП ЖАШЫНДАГЫ БАЛДАР ҮЧҮН МАКАЛ-ЫЛАКАПТАРДЫН ЖАНА ТАБЫШМАКТАРДЫН ОЮН АРКЫЛУУ ҮЙРӨТҮҮНҮН МААНИСИ

Тогузакова Батма Шерматовна
Ош Мамлекеттик Педагогикалык Университети
“Педагогика жана психология” кафедрасы магистр, улук окутуучу,
Orcid: 0009-0008-1138-4763
Телефону: 0995950828
toguzakovabatma@gmail.com

**Аннотация:** Макалада заман талабына ылайык жаштарга этнопедагогикалык каражаттар аркылуу, өзгөчө макал-лакаптар менен табышмактарды кенже мектеп жашындагы балдарга оюн аркылуу үйрөтүүнүн педагогикалык мааниси каралды. Оюн аркылуу балдардын окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн жолдору да берилди. Мамлекетибизде билим сапатын көтөрүү, балдарды китепкөйлүккө ээ кылуу, алардын сезимин улуттук маданиятка толтуруу эң орчундуу маселе катары саналууда. Өзгөчө макалада башталгыч класстын балдарына оюн аркылуу дидактикалык каражаттардын элементтери болгон макал-лакаптар менен табышмактарды алардын жашоосуна киргизүү орду талкууланды.

Кенже мектеп жашындагы балдар үчүн билим берүү процессинде оюндун мааниси өтө чоң. Оюн балдардын психологиялык жана когнитивдик өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этет. Оюн аркылуу үйрөтүлгөн макал-ылакаптар жана табышмактар балдарга сөз байлыгын кеңейтүүгө, ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө, ошондой эле элдик билимдерди, маданиятты сиңирүүгө жардам бере тургандыгы далилденди.

***Ачкыч сөздөр***: Балдар, коом, дидактика, макалдар-лакаптар, табышмактар, элдик педагогика, улут, окутуу, тарбия, мектеп, мугалим, маданият, жүрүм-турум, инсан, билим, оюн.

# ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ ОБУЧЕНИЯ ПОСЛОВИЦАМ И ЗАГАДКАМ В ИГРОВОЙ ФОРМЕ ДЕТЕЙ МЛАДШЕГО ШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА.

Тогузакова Батма Шерматовна
Ошский государственный педагогический университет
старший преподаватель кафедры «Педагогика и психология»,
Orcid: 0009-0008-1138-4763
Телефон: 0995950828
toguzakovabatma@gmail.com

**Аннотация**: В статье рассматривается педагогическое значение обучения молодежи этнопедагогическими средствами, особенно пословицами и загадками для детей младшего школьного возраста через игру, в соответствии с современными требованиями. Также были предоставлены возможности для детей участвовать в учебной деятельности посредством игры. Повышение качества образования, книжное образование детей, воспитание у них чувства национальной культуры считаются важнейшими задачами в нашей стране. В статье подробно рассматривается роль внедрения в жизнь детей младшего школьного возраста пословиц и загадок, которые являются элементами дидактического инструментария в игровой форме.

Значение игры в образовательном процессе для детей младшего школьного возраста очень велико. Игра напрямую влияет на психологическое и когнитивное развитие детей. Доказано, что пословицы и загадки, преподаваемые посредством игры, помогают детям расширять словарный запас, развивать мышление, а также усваивать народные знания и культуру.

**Ключевые слова**: Дети, общество, дидактика, пословицы и прозвища, загадки, народная педагогика, нация, обучение, воспитание, школа, учитель, культура, поведение, личность, знания, игра.

# THE PEDAGOGICAL SIGNIFICANCE OF TEACHING PROVERBS AND RIDDLES FOR CHILDREN OF JUNIOR SCHOOL AGE THROUGH GAMES.

Toguzakova Batma Shermatovna
Osh State Pedagogical University
Department of “Pedagogy and Psychology” Master, Senior Lecturer,
Orcid: 0009-0008-1138-4763
Phone: 0995950828
toguzakovabatma@gmail.com

**Abstract:** The article considers the pedagogical significance of teaching young people through ethnopedagogical means, especially proverbs and riddles to children of junior school age through games, in accordance with modern requirements. Ways of conducting children's educational activities through games are also given. Improving the quality of education in our country, making children literate, and filling their feelings with national culture are considered the most important issues. In particular, the article discusses the place of introducing proverbs and riddles, which are elements of didactic means for primary school children through games, into their lives.

The importance of play in the educational process for children of primary school age is very great. Play directly affects the psychological and cognitive development of children. It has been proven that proverbs and riddles taught through play help children expand their vocabulary, develop their thinking, and also learn folk knowledge and culture.

**Keywords:** Children, society, didactics, proverbs and nicknames, riddles, folk pedagogy, nation, teaching, upbringing, school, teacher, culture, behavior, personality, knowledge, game.

Учурда өнүккөн чөйрөнүн бардык тармагы күн сайын жаңы идеяларга жана ыкмаларга муктаж болууда . Коом алдына чыгармачыл, атаандашууга туруштук бере алган, билимдүү, тапкыч, кыраакы, жоопкерчиликтүү жана жөндөмдүү инсанды тарбиялоо максатын коюуда. Бул учурда билим берүү тармагы да өз алдына негизги милдет катары жогорудагы талаптарга жооп берген жөндөмдөргө ээ инсанды тарбиялоо үчүн билимдерди коом талабына ылайык берүү максатын көздөөдө. Инсандын чыгармачылык активдүүлүгүнүн өнүгүш процесси өтө татаал жана узак процесс экендиги маалым.Анын өнүгүшү инсандын ар түрдүү курактык этаптарында ар түрдүүчө жүрөт. Өзгөчө кенже мектеп жашындагы куракта мындай мүмкүнчүлүктөр көп экендиги изилдөөлөрдө белгилүү. Балдардын чыгармачылык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү менен катар инсандык жактан туура калыптандыруу дал ушул башталгыч мектеп жашында өтө сензитивдүү экени талашсыз. [1]

Мугалимдин эң татыктуу жеңиши балдарды бир гана окутуу менен чектелбей, аны ар тараптан чыгармачыл ой жүгүртүүгө, өз алдынча туура чечим чыгарууга, алган билимдерин турмушта туура пайдалана алууга ээ кылуу эмеспи. Эң алгач эле кенже мектеп жашындагы балдар менен иштеген мугалимдердин негизги милдети балдарга окуу программасын өздөштүрүү жана ошол эле учурда алардын балалыгын сактап калуу менен бирге ар тараптан камкордук көрсөтүү саналат. [6]

Кенже мектеп жашындагы балдар үчүн билим берүү процессинде оюндун мааниси өтө чоң. Оюн балдардын психологиялык жана когнитивдик өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этет. Оюн аркылуу үйрөтүлгөн макал-ылакаптар жана табышмактар балдарга сөз байлыгын кеңейтүүгө, ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө, ошондой эле элдик билимдерди, маданиятты сиңирүүгө жардам берет. Бул макалада макал-ылакаптар жана табышмактарды оюн түрүндө үйрөтүүнүн педагогикалык мааниси, аларды балага берүүдө колдонулуучу методдор жана ошол методдордун балдарга тийгизген таасири талкууланды. [4]

Макал-ылакаптар — бул элдин ой жүгүртүүсүнүн, тажрыйбасынын жыйынтыгы болгон кыска жана түшүнүктүү баяндалган пикирлер. Алар философиялык, моралдык, этникалык мазмунда болушу мүмкүн. Табышмактар болсо балдарга ойлонууга жана чыгармачылыкка багытталган, ар түрдүү чакырыктарды камтыган кыскача тексттер.

Табышмактар балдардын логикалык ойлоосун, түшүнүктөрдү байланыштырган жөндөмдөрүн өркүндөтөт. [3]

Кыскасы, жалпы адамзаттык рухий-адептик баалуулуктар жана жаңы инновациялык сапат-ка- сиеттер кыргыз макал-лакаптарындагы баа жеткис асыл ойлор таалим-тарбия мазмунунун гүлазыгын түзөт. Макал, лакаптардын өзгөчөлүгү – фольклор- дук чыгармалардын ичинде өзүнчө спецификалык, көркөмдүк, мазмундук бөтөнчөлүктөргө эгедер. [7.102]

Балдар макал-ылакаптарды жана табышмактарды үйрөнүү аркылуу гана өз эне тилин өнүктүрүп, дүйнө таанымын байытпастан, ошондой эле ар бир макалдын аркасында жаткан терең маанини түшүнүүгө багыт алышат. Бул балдардын дүйнөгө болгон көз караштарын, этикалык баалуулуктарды, коомдук жашоону түшүнүүдө чоң жардам берет.

Макал балдардын туулуп өскөн жерине, үй-бүлөсүнө, курчаган коомуна, табиятка жана башка баалуу нерселерге болгон өзүнүн эмоционалдык патриоттук сезимдерин ойготуп, балдардын ойлоосун, көз карашын, инсандык баалуу сапаттарын турмуштук кырдаалдар аркылуу, акырындан калыптандырып, жакшы жакка түзөйт. [8.189]

Балдар үчүн оюн — бул көңүлдүү жана кызыктуу иш. Оюн аркылуу макал-ылакаптарды жана табышмактарды үйрөтүү алардын кызыгуусун арттырат жана аларды жаңы билимге умтулууга көндүрөт. Бул учурда бала ойлоно баштайт, анын акыл-эси өнүгөт, сөз байлыгы кеңейет. Оюн учурунда балдар макалдын же табышмактын маңызын түшүнүүгө аракет кылышат жана ушул процессте алардын когнитивдик жөндөмдөрү өркүндөйт.

Макал-ылакаптар жана табышмактар балдардын сөз байлыгын кеңейтет. Аларды оюн аркылуу үйрөтүү балдардын тилин жеңил жана кызыктуу жол менен жакшыртат. Мындай оюндарда балдар ар түрдүү сөздөрдү колдонушат, жаңы терминдерди үйрөнүшөт жана алардын сөздү туура колдонуу жөндөмдөрү өнүгөт. Мындан тышкары, макал-ылакаптардын татаал түзүлүшү жана табышмактардын чыгармачылыкты талап кылган мүнөзү балдарга тилдик иштөөчүлүктү үйрөтөт. [6]

Оюндар балдарга командада иштөө мүмкүнчүлүгүн берет. Оюн аркылуу балдар олуттуу кыйынчылыктарды өз каалоосу менен жеңүүгө машыгышат, чыдамкайлыкка көнүгүшөт. Оюн ар кандай окуу материалын кызыктуу өтүүгө жардам берет жана окуучуларда терең канааттанууну жаратат, кубанычтуу эмгек маанайын түзүп, окуу процессин жеңилдетет. Оюн окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн стимулдайт, окуу процессинде оң эмоцияларды пайда кылат. А.С.Макаренко айткандай жакшы оюн жакшы жумушка окшош болуш керек.Демек, ар бир мугалим сабагында дидактикалык оюндарды билгичтик менен туура колдоно алышы керек. Окуучулардын оюндагы иш-аракетинин мүнөзү анын сабактагы же сабак системасындагы ордуна жараша болот. Ал сабактын ар бир этабында жана сабактын ар бир түрү боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн. Оюндарды тандоодо балдардын психикасын, алардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн, сүйлөө, курдаштары жана чоңдор менен баарлашуу тажрыйбасын ар тараптуу өнүктүрүүгө көмөктөшүп, окуу-тарбия иштерине кызыгуусун арттырып, билим берүү ишмердүүлүгүндө шык-жөндөмдөрдү калыптандырууга тийиш экендигин эстен чыгарбоо зарыл. [4]

Монотондуулук жана шаблондук сабактар балдардын окууга болгон кызыгуусун азайтып, окуу процессин кызыксыз жана келечексиз кылат. Ал эми башталгыч класстарда сабактарды мындай жол менен өтүүгө таптакыр жол берилбейт. Адабий окуу мектептеги эң татаал жана эң кызыктуу сабактардын бири. Башталгыч класстарда окуучулардын бул предметке болгон кызыгуусун арттыруу үчүн аны мүмкүн болушунча кызыктуу өтүү керек. [2]

Баланын тандаган ишмердиги кадимки эле өзү каалаган оюн экендиги талашсыз, демек бул форма окуу менен билим берүү процессинде айкалышып колдонулуш керек. Ошентип, оюндун мотивациялык потенциалы мектеп окуучуларынын билим берүү программасын натыйжалуураак өздөштүрүүсүнө багытталат. Балдардын көңүлүн өзүнө буруп, оң эмоцияларды жарата ала турган методологиялык ыкмаларга муктаждыкты чечүүдө оюн иш аракети жардамга келет. [4]

Макал-ылакаптарды жана табышмактарды топто тааныштырып, балдар биргеликте чечим кабыл алышат, оюнга катышуу аркылуу алардын социалдык көндүмдөрү өнүгөт. Балдар бири-бири менен пикир алмашышат, өз ойлорун ачык айтат жана биргеликте иштөөгө үйрөнүшөт. Макал-ылакаптардын көбү адамзаттын моралдык баалуулуктарын жана турмуштагы туура чечимдерди чагылдырат. Балдар макал-ылакаптар аркылуу жакшы менен жаманды ажыратууну, эмгектин баасын, чынчылдыкты жана башка адамдык сапаттарды үйрөнүшөт. Мындай ой жүгүртүү алардын келечектеги инсан катары калыптанышына да таасир этет. [ 5]

Табышмактарды жана макал-ылакаптарды оюн аркылуу үйрөтүү балдарга активдүү ой жүгүртүү жана кыймыл аркылуу билим алууга шарт түзөт. Балдар оюнду ойноп жатканда көңүл буруу жана ойлонуу артып, ошол эле учурда дене активдүүлүгү да камсыздалат. Мындай ыкма балдардын чыгармачылыгын жана логикалык ойлоосун өркүндөтөт. [2]

Кенже мектеп жашындагы балдар үчүн макал-ылакаптардын жана табышмактардын оюн аркылуу үйрөтүүнүн төмөнкүдөй ыкмаларын сабакта колдонсо болот.

1. **Жарыштуу оюндар**: Балдарга табышмактарды бериңиз, ал буюмдун сүрөттөлүшүн алыстан айтыңыз, алар аны чече баштаган кезде жарыш баштаңыз. Ким биринчи жооп берип, макалды же табышмакты туура чечсе, ошол бала жеңишке жетет.
2. **Топтук оюндар**: Балдар топ-топ болуп бир нече табышмактарды чечишет же макалдарды туура толтуруп, аларды өз ара талкуулашат. Бул ыкма алардын социалдык жактан өнүгүшүнө да жардам берет.
3. **Кыймылдуу оюндар**: Табышмакты же макалды ойноп жатканда балдарга кыймыл кошулат. Мисалы, балдар макалдын маанисин түшүнүп, ошол мааниге ылайык дене кыймылын жасашат.
4. **Роль ойноо**: Балдар макалдын же табышмактын маңызын туура түшүнүп, аны туура абалда ойношот. Мисалы, табышмакты чечкенде, бала анын маанисин көрсөткөн ролду аткарат.ж.б. [4]

Кенже мектеп жашындагы балдар үчүн макал-ылакаптар жана табышмактардын оюн аркылуу үйрөтүлүшү алардын билимин тереңдетет, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт жана моралдык баалуулуктарды сиңирет. Оюн – бул балдардын билим алуусуна жана жан дүйнөсүнө түздөн-түз таасир этүүчү эң күчтүү ыкма. Макал-ылакаптар жана табышмактар балдарга кызыктуу, эмгекти сүйүүчү жана акыл-эстүү инсан болууга жол ачат. Оюндарды педагогикалык процесске киргизүү балдардын жакшы мамилелерди курууга, эмоциялык жана акыл-эс өнүгүүсүнө жардам берет. [1]

Баланы окутуп тарбиялоодо этнопедагогиканын элементтерин пайдалануу өзүнүн жетишкендиктерин көрсөтөөрүн тажрыйба тактап, далилдеп койду. Демек, элдик педагогиканын каражаттары болгон макал-лакаптардын жана табышмактардын да бул багытта ролу өтө маанилүү орунда экени талашсыз. Жаш муундар китеп ааламынан аябай эле алыстап кетишти деп бардык жерде айтып жар салтабыз. Ар түрдүү иштерди уюштуруп, китепке жакындата албай убарабыз. [6]

Ушундай мезгилде макал-лакаптарды, табышмактарды адабий окуу саагында оюн катары акырын балдардын окуу ишмердүүлүгүнө аралаштыруу мезгил талабы болууда. Балдардын жан дүйнөсү оюн аркылуу дидактикалык каражаттар аркылуу сугарылып, акырындан аларга улуу мурастарды өткөрүп берүү биздин ыйык парз деп ойлойм.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Табышмактар Эл оозунан 1934-жыл Фонд.инв.№198
2. Табышмактар. Жазган — Абдыл Кулуке уулу. 1924-жыл. Түзгөн — Калмурза Арабай уулу. 1925-жыл. Фонд, инв. № 219
3. Кыргыз эл макал-лакаптары. – Ф., 1991.
4. Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары Сулайман Рысбаев Жылы: 2016
5. Киргизские пословицы, поговорки и изречения Фрунзе: Мектеп, 1979.
6. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. I бөлүм. Б , 1996.

7. Мурзаканова, Г. Кыргызские пословицы и поговорки как содержательный источник в воспитательной работе и общечеловеческих духовно-нравственных ценностей / Г. Мурзаканова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2016. – № 8-1. – С. 102-103. – EDN WWWLHZ.
8. Тогузакова, Б. Ш. Башталгыч класстын окуучуларын адептүүлүккө тарбиялоодо макалдарды пайдалануунун өбөлгөлөрү / Б. Ш. Тогузакова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – Vol. 2, No. 2(24). – P. 191-195. – DOI 10.56122/..v2i2.253. – EDN QUNDBF.